«Бекитемин»
Райондук билим берүү бөлүмүнүн
башчысы ______ А.Ж. Мамажанов
«____» ______ 2023- ж.

Ажибекова Айзада Токтогуловнанын "**Математика курсу боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)**" аттуу 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктардын ишке ашырылышы тууралуу

**А К Т**

**Комиссиянын курамы**:

**Комиссиянын төрайымы:** Ош областынын Араван районуна караштуу №21 Насирдин Исанов атындагы орто билим берүү мектебинин директору Р.Э. Маматова

**Мүчөлөрү:** окуу бөлүмүнүн башчысы Б.М. Андакулова, математика жана физика секциясынын башчысы Т.Б. Рахманова, математика мугалими Ч. Д. Минбаева.

**Катчысы:** информатик мугалими Г. Насирбаева

Ош мамлекеттик университетинин «Математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент» кафедрасынын изденүүчүсү Ажибекова Айзада Токтогуловнанын «**Математика курсу боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)»** аттуу темадагы жазган диссертациялык ишинин жыйынтыктарынын №21 мектептин 9-классынын окуучуларына алгебраны окутуу процессинде колдонулушу боюнча комиссия төмөндөгүлөрдү белгилейт.

2016-2023-жылдар арасында А.Т. Ажибекова аталган мектептин 9-класстын окуучуларына алгебра сабагын окутуу менен ачык сабактардын иштелмелерин эксперимент катары жүргүзүп келди. Алгебра сабагындагы көйгөйлөр боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу-методикалык комплекстерин түзүүнүн жана колдонуунун теориялык жана практикалык маанисин аныктап берди. 9-класстын алгебра курсунун предметтик стандартына, окуу китептерине жана окуу-методикалык колдонмолоруна талдоо жүргүзүлүп, окуучуларды дифференцирлеп окутууга багытталып түзүлгөн окуу-методикалык комплекси жана аны ишке ашыруунун методикасын пайдаланды. Иштелип чыккан 9-класстын алгебрасы боюнча окуу-методикалык комплексин окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүүнүн

жыйынтыктарын алды жана А.Т. Ажибекова тарабынан сунушталган окуу-методикалык комплексти пайдалануу эффективдүүлүгүн көрсөттү.

Эксперименттик изилдөөлөргө 5 мугалим жана 65 окуучу катышты.

Комиссия мүчөлөрү А. Т. Ажибекованын изилдөө иштеринин жыйынтыктарын сабактарда колдонууга татыктуу деп белгилейт.

Комиссиянын төрайымы
№21 мектептин директору: Р.Э. Маматова

Комиссиянын катчысы: Г. Насирбаева